DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Абдикеримов А.Ш., Джумабаева Д.Б.*

# XX КЫЛЫМДЫН 20-30-ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ БАСМАЧЫЛЫК КЫЙМЫЛЫ

*Абдикеримов А.Ш., Джумабаева Д.Б.*

# БАСМАЧЕСКИЕ ДВИЖЕНИЯ НА ЮГЕ КЫРГЫЗСТАНА В 20-30 ГОДАХ XX ВЕКА

*A. Abdikerimov, D. Dzhumabaeva*

# BASMACH MOVEMENTS ON THE SOUTH OF KYRGYZSTAN IN THE 20-30S OF THE XX CENTURY

*УДК: 947-756.7*

*Кыргызстандын эгемендүүлүктү алгандыгына 30 жыл болгондугуна карабастан, тарыхтагы ак тактар толугу менен изилдене элек. Мына ошондой ак тактардын бири бул басмачылык кыймылы болуп эсептелет. Кыргызстандын тарыхый изилдөөлөрүндө акыркы убакта, Кыргызстандын тарыхындагы айрым учурлар боюнча, биздин тарыхчылардын, окумуштуулардын арасында бирдей пикир жок. Кыргыз элинин тарыхындагы мындай карама-каршылыктардын бири «басмачылык кыймылы» болуп саналат. Бул макалада биз басмачылык кыймылынын себептерин, этаптарын, негизги кыймылдаткыч күчтөрүн изилдеп чыгууга аракет жасадык. Басмачылык кыймылын XX кылымдын башында Орто Азия элдеринин улуттук кыймылынын бир бөлүгү катары кароо менен, анын Кыргызстандын соңку тарыхындагы оордун изилдөөгө аракет жасалды.*

***Негизги сөздөр:** басмачылык кыймыл, басмачылык, улуттук кыймыл, көз карандысыздык, улуттук мамлекет, кокон автономиясы, атуулдук согуш, экономикалык саясат, аскердик коммунизм, тарыхый процесс.*

*Сегодня несмотря на то, что нашему народу уже почти 30 лет с момента обретения независимости, мы узнаем некоторые белые страницы нашей истории, которые были искажены при советской историографии. В исторических исследованиях Кыргызстана в последнее время, по некоторым критическим моментам в истории Кыргызстана, среди наших историков, ученых, нет единого мнения. Одним из таких противоречий в истории кыргызского народа является «басмачество». В этой статье я попытался изучить причины, этапы, основные движущие силы так называемые «басмаческого движение» как часть национального движения в начале XX века народов Средней Азии и его место в современной истории суверенного Кыргызстана.*

***Ключевые слова:** басмаческое движение, басмачество, национальное движение, независимость, национальное государство, кокандская автономия, гражданская война, экономическая политика, военный коммунизм, исторический процесс.*

*Today, despite the fact that our people are almost 30 years old since gaining independence, we recognize some white pages of our history that were distorted during the Soviet historiography. In recent historical studies of Kyrgyzstan, there is no consensus among our historians and scientists on some critical moments in the history of Kyrgyzstan. One of these contradictions in the history of the Kyrgyz people is «basmachestvo". In this article, I tried to study the causes, stages, main driving forces of the so-called «Basma movement» as part of the national movement in the early twentieth century of the peoples of Central Asia and its place in the modern history of sovereign Kyrgyzstan.*

***Key words:** basmach movement, basmachestvo, national movement, independence, national state, Kokand autonomy, civil war, economic policy, military communism, historical process.*

Бул чакан макалада XX кылымдын башындагы улуттук кыймылдын себептерин, этаптарын, негизги кыймылдаткыч күчтөрүн жана суверендүү Кыргызстандын бүгүнкү күндөгү тарыхындагыгы ордун изилдөөгө аракет жасалды. Бүгүнкү күндө элибиз эгемендүүлүккө жеткенине 30 жылдын жүзү болсо да, биз мурунку Совет бийлигинин мезгилинде бурмаланып айтылбай келген тарыхыбыздын кээ бир актай барактарын бүгүнкү күндө билип атабыз. Кыргызстандын соңку мезгилиндеги тарыхый изилдөөлөрдө, Кыргыз тарыхынындагы кээ бир уруntуу учурлары боюнча тарыхчыларыбыздын, окумуштуу-аалымдарыбыздын арасында бир пикир жок болуп, карама-каршылыктар болуп келет. Мындай карама-каршылыктардын бири болуп, кыргыз элибиздин тарыхында басмачылык кыймылы саналат. Басмачылык кыймыл Кыргызстандын түштүгүндө жүргөн. Тарыхчылардын бир тобу басмачылыкты Совет бийлигине гана каршы жергиликтүү бай-манаптар жетектеген улуттук кыймыл деп баалап келишсе, басмачылыкты жактагандар басмачылык бул жергиликтүү элдин кызыкчылыгын коргогон, өз алдынча көз каранды эмес улуттук мамлекетин түзүүгө аракет кылган кыймыл катары баалап келишет.

Басмачылыкты жергиликтүү бай-манаптар жетектеген улуттук кыймыл болгон деп эле бир беткей баалоого да болбойт. Анткени басмачылык кыймылы өтө татаал жана көп кырдуу тарыхый процесс. Басмачылык кыймылын толук түшүнүү жана баалоо үчүн аны комлекстүү кароо менен тарыхый методдун негизинде изилдөө аркылуу гана түшүнүүгө болот. Анткени XX кылымдын башында Орто Азиянын тарыхына дүйнөлүк чоң окуялардын таасири тийип, өтө татаал тарыхый процесстер болуп өткөн. Айрыкча Орто

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Азия Орус падышачылыгынын коллониясы катары 1-дүйнөлүк согуш мезгилинде 1916-жылдын 25-июнунда Орус падышачылыгынын «Волга боюндагы, Чыгыш Сибирдеги, Түркестандагы жана Казахстандагы 19 жаштан 43 жашка чейинки эркектерди согуштук-орук иштерине алуу» жөнүндөгү указынын кабыл алынышы жана жергиликтүү колонbackялдык орус бийликтеринин бул указды ишке ашыруу үчүн болгон арекетери, жергиликтүү элдердин наразычылыгын туудуруп Улуттук-боштондук көтөрүлөштөргө алып келген. Басмачылык кыймылын мына ушул процесстердин контексинде кароо керек Анкени басмачылык кыймылынын негизги катышуучулары көп учурда өз күрөштөрүн улуттук-боштондук үчүн деген идеянын негизинде жүргүзүшсө, 1917-жылдан кийин Кеңеш өкмөтү жарыялаган «тап күрөшүнө» каршы жергиликтүү башкаруучулардын, оокаттуу байлардын каршылык көрсөтүүсү жана диний ишмерлердин «каапырларга каршы» күрөшүүсчү кошулуп өтө татаал тарыхый процесстин мезгили болгон.

Басмачылык (түркий басмак – кысымга алуу, кордук көрсөтүү) – Орто Азияда Совет бийлигине каршы чыккан реакциячыл кыймыл. Бул кыймыл улуттук-боштондукту көздөгөн максатта жүргүзүлгөн деген да пикирлер бар. Орто Азияда басмачылык 1917-жылы ноябрдын аягынан башталат. Большевиктердин «ар бир улуттун өз тагдырын өзү чечүү укугу» деген ураанынын негизинде Түркстандын улуттук жана клерикалдык партиялары («Шура-и Ислам», «Алаш», «Шура-и-Улеми») аймакка автономия статусун берүү менен акырындап, Советтик Россиядан чыгарууну көздөшкөн.

Ушундай максат менен жалпы мусулмандардын 4 курултайы (26-29-ноябрь 1917-жыл) М.Тынышпаев, кийин М. Чокоев башында турган Кокон автономиялуу өкмөтүн (өкмөткө М. Тынышпаев, жана М.Чокоев мүчө болгон) түзгөн. Түркстанда кош бийлик орнойт: биринчиси, большевиктер башында турган Ташкентдеги Совет өкмөтү, экинчиси, ар кайсы улуттун өкүлдөрүнөн жана «Шура-и Ислам», «Алаш» жана башка партияларынын мүчөлөрүнөн турган Кокон автономиясы. Крайлык Советтин 4-съезди Кокон автономиясын мыйзамсыз деп эсептеп, анын өкмөт мүчөлөрү 1918-жылы февралда камакка алынат.

Кутулгандары совет бийлигине каршы күрөшкө чыгышат. Ошентип, Кыргызстандын түштүгүндө граждандык согуш башталат. Басмачылыктын негизги кыймылдаткыч күчтөрүн бийликке умтулган жергиликтүү байлар, буржуазиянын өкүлдөрү, мусулман дининин төбөлдөрү түзгөн. Большевиктик партиянын жана совет өкмөтүнүн динге каршы жаңылыш саясаты, дин жана оокаттуу адамдарды куугунтукташы эл массасынын бир бөлүгүнүн кыжырдануусун туудурган.

Карапайым калктын улуттук эркиндик, өзүнүн диний ишенимин коргоо үчүн жүргүзгөн күрөшүн басмачылар билгичтик менен пайдаланган. Басмачылардын куралдуу күчтөрүнө алданган же жазалоодон корккон дыйкандар да Басмачылардын катарына киришкен. Совет бийлиги тарабынан киргизилген «согуштук коммунизм» саясаты боюнча дыйкандардын ашыкча малын, эгинин тартып алуу эрежеси да айрым дыйкандардын басмачылар тарабына өтүшүнө түрткү болгон.

Басмачылыктын демөөрчүлөрү бул кыймылга саясий багыт бериш үчүн панисламизм жана пантүркизм идеяларын пайдаланышкан. Түштүк Кыргызстанга кеңири жайылган басмачылык кийин Калкожо, Мадаминбек, Мойдунбек, Эргеш, Рахманкул, Көршермат, Аман палван жана башка корбашылар жетектеген. Аларга каршы атайын Фергана фронту түзүлгөн. Кызыл Армиянын бөлүктөрү менен бирге жергиликтүү советтик уюмдар түзгөн ыктыярдуу аскердик кошуундар басмачыларга каршы күрөшкөн. 1923-1924-жылдар Кыргызстандагы басмачылардын ири бөлүктөрү негизинен жоюлган.

1917-жылы Улуу Октябрь революциясы Россия падышачылыгында Убактылуу Өкмөттү бийликтен кулатып, В.И. Ленин башында турган жумушчу дыйкандардын биринчи өкмөтү Эл комиссарлар Советинин түзүлүшүнө алып келген. Албетте бийликке келген кандай гана адам же партия болбосун ал өзүнүн бийлигине эски бийликке баш ийип келгендердин бардыгын жаңы бийликке баш ийдиртkенге шашат. Бирок көпчүлүк учурда эски бийлик өкүлдөрү жана ага кызмат кылып келгендер жөн эле жаңы бийликке, болгондо да күч менен адамдын канын төгүү менен келген бийликке жөн эле баш ийип бере койбостугу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Тарыхтын бул мыйзамына ылайык Россия падышачылыгында да күч менен бийликке келген Совет өкмөтү менен эски бийликтин, башкача айтканда, чет өлкөлөрдүн колдоосу астында ак гвардиячылардын, Убактылуу Өкмөттүн жана тактан кулатылган падышанын талапкерлеринин ортосунда узакка созулуп көп адамдын өмүрүн алып алардын балдарын, аялдарын, ата-энелерин кайгы-капага салды. Бул тарыхка «Жарандык согуш» деген ат менен кирди. Жарандык согуш 1918-жылдын жарымынан башталып 1920-жылдын аягына чейин созулду. Бул согуш Түркстан аймагында, анын ичинде Кыргызстандын түштүгүндө, эң эле катаал формада жүргүзүлүп, айрым бир өзгөчөлүктөр менен өткөн. Кыргызстандын тарыхында «басмачы» деген түшүнүк пайда болгон. Тилекке каршы бул темага өткөн

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



замандын тарыхчылары кандай сыртын салса, азыр деле ошол кейиштүү акыбал өзгөрбөгөн бойдон келатат. Буга бир нече себептер бар деп, Осмонакун Ибраимов 2012-жылы 27-июлда «Азаттык» үналгысында бир канча себептерди айткан.» Алардын негизгилери болуп:

1.Басмачылар деген түшүнүктүн өзү так эмес жана карама-каршылыктуу. Бул түшүнүк нечен жылдар бою жалаң гана терс мааниде колдонулуп келди.

2.Чынында эле басмачылар кыймылында адам таң калтыра турган эрдиктер, каармандыктар, улут ар-намысы үчүн күрөш менен катар чын эле кандуу окуялар, накта кылмыш, террористик иш аракеттер өтө көп.

Биз азыркы кыргыздар, басмачылар тарыхына, алардын адамдык жана саясий тарыхына, көздөгөн максаттары менен ойлогон ойлоруна жалпы жана тарыхый баа бере албай келатабыз. Эң негизгиси алардын куралдуу каршылыгын, локалдык маанидеги согушун кыргыз элинин улуттук-боштондук кыймылынын жалпы контекстине коё албай келатабыз» дейт.

Советтик пропоганда «басмачылар» деген түшүнүктү ар дайым «бандиттер» «кылмышкерлер», «террористтер» деген түшүнүк менен катар коюп, ар дайым кара боек менен боеп келишкен. Бул албетте чындыкка коошпойт. Ошону менен бирге басмачылар тууралуу ак же кара деп кесе айтуу да адилетсиздик болоор эле. Эгемендүүлүктүн желеги 30 жылдан бери желбиреп келе жатса да басмачы бойдон калууда. Бирөөнүн элин, жерин басып алган басмачыбы же өзүнүн элин, жерин, динин, тууганын, бала бакырасын сактоо үчүн күрөшкөндөр басмачыбы?

Мисалы кээбир илимий булактарда Калкожо, Мойдунбек, Аман палван өтө эле ырайымсыз ташбоор болгону жазылган. Калкожо корбашы Ошто согуштан олжолонуп келген европалык аскер туткундарынын өтүнүчү боюнча аларды канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай Анжиан темир жол бекетине узатып барып, андан ары салып жиберемин деген убадасын бузуп, 1919-жылдын жазында, Айым-Кыштакта [10:13] жыйырма үй-бүлө австро-венгр туткунду үйүнө алпарып коноктоп, бири да калтырылбай түн жарымы өткөн ченде канжарлап, «ким көрдү» кылынып аңгекке көмүлүп таштаган. Андан кийинки дагы бир басмачылык деп атай турган окуясы жогорку окуядан көп өтпөй эле түн жарымында камыш чатырлуу бири-бирине жакын, ыктай салынган отуздай тамы бар мужук кыштагы Петровканы кэчээ күнү эле «чычкан алдырыш үчүн» бирден койго ушул кыштактын өзүнөн алмаштыртып кеткен мышыктарынын куйруктарына лапкемайга чыланган кебез байлап жүнүнө да шыбап, өрт кое беришти. Жаны калбай баулдап бакырып, этине жабышып бараткан оттон качып, үйрөнгөн өз үйлөрүнө жетип, дубалына тырмышып, чатырына секирип, бир заматта бир нече чатыр камыш чатыр шатырап күйүп чыкты [7:13]. Мына ушундай жоруктар басмачылык деген атка ылайыктуу. Жалпылап алганда басмачылык кыймылды баалоодо, бир жактуу советтик көз караштан кутулууга эбак мезгил жетти. Басмачылар кыймылы улуттук тарыхыбыздын ажырагыс бөлүгү. Ошону менен бирге бул кыймылга өз ыктыяры же күч менен кошулган нечен азаматтар бозгун болуп чет жерлерге тентиди. Көпчүлүгүнүн тагдыры трагедия менен бүткөнүн эске алышыбыз керек. Ошондуктан бул кыймылдын агы менен карасын ажыратып карап, обьективдүү тарыхый анализ жасоосу тарыхчылардын, окумуштуулардын, жазуучулардын кесиптик милдети.

1905-жылы Нижний Новгороддо, 1906-жылы Петербургда эки жолу мусулмандардын курултайы өтүп, ага өкүл болуп, түркстандыктар да катышкан. 1917-жылы 16-17-апрелде Ташкенде Бүткүл Түркстан мусулмандарынын курултайы чакырылып, анда 9 кишиден турган Уламалар кеңеши түзүлөт жана Түркстандын келечегин кандай түзүү керектигин чечүү вазийпасы аларга тапшырылат. «Ушул убакты колдон чыгарсак, экинчи жолу автономия алабыз деп аябай көп кан төгөбүз» деп айткан ошондо Махмудкожо Бехбудий [10:18].

1917-жылы 8-июнда Ошто «Туран» кыймылынын бир бөлүмү түзүлүп, аларга негизинен тала-балар менен жаштар өкүл болуп кирет. Алар «Алаш Ордонун» таасир-таалиминде болот.1917-жылы 12-14-июнь күнү Скобелев (кийинки Фергана) шаарында аймак мусулмандарынын курултайы болуп, ага ар кайсыл ислам уюмдарынын 197 делегат катышкан, алар Орусия ичиндеги мусулман элдерине өз мамлекеттерин курууга уруксат берүүсүн суранышкан [10]. Ушундай ойдогу диний партиялар да түзүлгөн.

Кийинчерээк, 1917-жылы 2-ноябрда кабыл алынган «Орусия элдеринин укуктарынын декларациясында» бардык элдердин тең укуктуулугу жана суверендуулугу, алардын өз тагдырын өздөрү эркин чечүүгө, Советтерден бөлүнүп, өз алдынча мамлекет түзүүгө чейин укуктуу деп жазылган [2].

Анан ошол эле жылы Петроградда Кеңеш бийлиги орногон соң беш-алты күн өтпөй 1-ноябрда Ташкенде Түркстан крайынын борборунда Кеңеш бийлиги орноду деп айтылып, Петроградга, жолдош Владимир Ульяновго кабар жиберилет. 1917-жылдын 15-22-ноябрында ошол Түркстандын борборунда аймактык кеңештердин III сьезди өтүп, анда Эл Комиссарлар Кеңеши түзүлөт. Шоро (Кеңеш-Совет)

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



өкмөтүнүн башкы курамына 15 киши мүчө болот. Алардын көбү жергиликтүү калктан болбой, Оруссия жактан келгендер шайланган. Бул элди, анығыраагы, калк ичиндеги билимдүүлөрдү жана байларды аябай кооптондурат.Ушинтип турганда ушул эле күндөрдө Сүлүктүдө, Кызыл-Кыяда, декабрь айында Жалал-Абад менен Ошто, негизинен европалыктар болгон жерде Кеңештердин бийлиги орногон.

18-жылы 29-30-январда (18-19-февраль) большевиктердин куралданган аскерлери жаңыдан баш көтөрүп келаткан Түркстан Мухтар Жумуриятынын идеясын жок кылып, алардын жетекчилерин таратуу үчүн колдоруна курал алды, Орусиянын эң четинде Кокондо согуш башталды. «Басмачылык» деп аталган кыймыл жер астыда жети жыл жаткан ажыдаардай копшолуп, булкунуп турду. Бул большевиктерди элге жаман көрсөткөн эң алгачкы окуя жана атуулдук согуштун карлыгачы. Он күн окко алынган Кокон оңойлук менен колго кирбеди. Онунчу күнү Ташкенден жана Перовскиден (Кызыл Ордо) жардам келди. Кызыл аскерлердин ал тобуна Түркстан Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы Федор Колесовдун жана Түрк Республикасынын башкы аскер комиссары Е.Л. Перфильевдин жетекчилик кылышынын өзү эле маселенин канчалык мааанилүү экенин айтып турбайбы. Бул күндөгү Кокондун тагдыры-бүт Совет бийлигинин тагдыры эле. Кызылдардын отряддары биринин артынан бири агылып Коконго Анжияндан, Намангандан, Маргалаңдан, Кызыл-Кыядан гана эмес, алыстагы Самаркандан да келип жетти.

Мухтар Жумуриятчыларга жардам келчү жолдор тосулду, анын үстүнө алар куралсыз эле. Армян дружинниктери («дашнакчылар» дешкен, себеби алардын уюлун армян буржуазиялык улуттук «Дошнакцтюн» партиясынын мүчөлөрү түзгөн) 500 дөй жарадарлар жана оорулуулар жаткан Кокон шыпааканасын өрттөп ийди. 50 кишини көчөдө эл алдында атты, асты, өлтүрдү. Өкмөттүн 30 мүчөсү камакка алынды, бирок Осипов жакшылык кылып алардын 20сын качырып ийди. Кокондон кийин замбирек топтору башка шаар, калааларга, өзгөчө көбүрөөгү Скобелевге жаады.

Эгемен Кокон жумуриятынын башкы командачысы Эргеш кол баштап айыл аралап чыгып кетти. Ал аксап баскан, кыраакы киши болчу. Аны Кокондо «короо башы» деп аташчу. Кийин ал жигиттерди баштап чыгып кеткенде «короо башы» деп отурушуп, бара-бара душмандары ачуусу келип, «корбашы» деп алышты. Булар эң биринчи бөлүнүп кеткен, эл арасынан колдоо тапкан топ эле. Алар эл арасына чегинип, караламан калкка кайрадан күч жыйнап жаңы күрөшкө келүү үчүн кетти.

«Кокон автономчуларынын» көбүнүн колго түшүшү жана өлтүрүлүшү, Мустафа Чокай баш болгон бир тобунун чет өлкөгө качышы, большевиктерди шердентти, карапайым калктын коркунунан орустар тарабына ооп кетишин шарттады.

Кызыл-Кыя шахтерлору жумушчу аскерин түзүп, И.И. Едренкиндин жетекчилиги менен Кокон автономиясын талакалоого активдүү катышты. Скобелевден Ошко 80 кызыл аскер жиберилди. Сүлүктүдө, Кызыл-Кыяда өз эрки менен деген аскерлер түзүлдү. Бул кызыл кыргындан 180ден көбүрөөк шаар-кыштактар өрттөлдү. Маргалаңда 7 миңдей, Анжиянда 6 миңдей, Наманганда 2 миңдей, Базар-Коргон менен Кокон-Кыштакта 4,5 миңдей киши өлтүрүлдү. Армян дружинниктери менен кызылдар Коконду бир ай өрттөдү. Огун аяп адамдарды союп таштаашты. Сузак, Базар-Коргон, Кокон-Кыштак армяндардын адам өлтүрөр майданына айланды. Бул жерлерде дээрлик адам аттуу калбай өлтүрүлдү, же тоо таштарга качып кетти. Муну көрүп турган эл колундагы кетменин ыргытып, эми колуна адамды набыт кылар, кан агызар курал алды. Муну алар, өзүн жана туугаһын, бир укум жерин коргоо үчүн айласыздан жасады. Дыйкан колуна мылтык тийди. Кечээ эле кетмен, теше, орок жасаган устаканалар жашыруун түрдө сайлуу мылтык, кылыч, шамшар жасоого өттү.

Ушунун өзү «басмачылар» деген кыймылдын жаралышына түрткү болду. Ошондо Орусия жактан келген буйруктанбы, же башкасыбы мунун баарына ушулар айыптуу делгендей ошол кездеги негизиги билим берер жана эл чогулар жайлар-мечиттер жана медреселелер өрттөлдү, талкаланды, алардын башчылары өлтүрүлдү. Ошол күрөш али 16 жыл бою токтобошун ошондо буйрук берген большевиктердин башчылары да, кызыл командирлер, динин, ыйык топурагын коргогон калк да, өчөшүүдөн «басмачы» болуп кеткендер да, жалаң эле кан күсөп, адам өлтүргүсү келип калган эки жактагылар да билишкен жок.

Мына ушинтип басмачы деген термин пайда болду. «Басмачылык» жөнүндө айтаардан мурун анын пайда болуу тарыхына саресеп салсак. Басмачылык бул турк сөзүнүн «басмак» деген сөзүнүн алынып, «кысымга алуу, кордук көрсөтүү» дегенди туюндурат (википедиа).

Түркстан крайында өзгөчө кырдалды көзөмөлдөө комиссиясы түзүлдү. Бүткүл Орусиядагы мусурмандарга кайрылган ленининдик «… силердин укугуңар жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын советтери тарабынан корголот» деген сөзгө эл ишенген менен ошол «коргоочулар» өздөрү бир катар учурда «кордоочуларга» айланып кеткен учурлар ба болгон.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



В.И. Ленин 1918-жылдын жазында Түркстан крайына П.А. Кобозев башында турган тажрыйбалуу большевиктердин чоң «десанттын» жиберет. Алардын эң башкы максаты диндик, тилдик, салттык жактан Орусияга оңойлук менен кошула бербеген ортоазиялыктарды күч менен болсо да, алдоо менен болсо да советтештирүү керек эле. Алардын катуу аракети жана Борбордун зордоосу менен акыры 1918-жылдын апрелинде Ташкенде Жумушчу жана мусулман депутаттарынын Кеңештеринин бүткүл Түркстандык V съезди чакырылып, алар Түркстан крайын РСФСРдин карамагындагы автономиялуу республика болуп түзүлгөн.

Биздин оюбузча «басмачылык кыймылын» негизги эки этапка бөлүп кароо керек.

1-этабы: 1917-1924-жылдардагы Орто Азияда Россиядагы Февраль жана Октябрь ревалюциясынын таасиринде Кеңеш бийлигинин орноо мезгилиндеги күрөштөрдүн мезгили.

2-этабы: XX кылымдын 20-жылдардын аягында, 30-жылдардын башындагы коллективдештирүү мезгилиндеги күрөштөрдүн мезгили.

Жыйынтыктап айтканда биз «басмачылык кыймылын» башкача өңүттө кароого аракет кылдык жана алардын ичинде мекенчили да, «партизаны» да, басмачысы да болгондугун белгилемекчибиз. Басмачылык кыймылды тарыхый документалдык материалдардын, эл арасындагы маалыматтардын негизинде ачууга аракет жасоо менен келечекте басмачылык кыймылын комплекстүү изилдөөгө алуу менен эгемендик мезгилиндеги Кыргызстандын тарыхындагы дагы бир актай баракты бир жаңсыл жыйынтыктоо керек деп эсептейбиз.

**Литература:**

1. Джуманалаев А. Политическая история Кыргызстана. - Б., 2005.
2. Жаркынбаев Т.Ж. Материалы по истории басмаческого движения в Ферганской области. (Доклады, стенографические отчеты Турк ЦИК из архивных фондов). - Ош, 2003.
3. Зевельев А.И., Поляков Ю.А., Шишкина Л.В. Басмачество: правда истории и вымысел фальсификаторов. - М., «Мысль». 1986.
4. Ибодинов А. Курбоши Мадаминбек. – Ташкент: Езувчи. 1993.
5. Ибрахим Карим. Мадаминбек. - Ташкент., 2000.
6. Касымбеков Т. Келкел IV том. - Б., Бийиктик, 2012.
7. Касымбеков Т. Келкел V том. - Б., Бийиктик, 2012.
8. Малабаев Ж.М. Кыргыз мамлекетинин тарыхы. - Б., 1999.
9. Муратов А. Сунулган баш, суурулган кылыч. - Б., Турар. 2012.
10. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы. - Б., Мезгил, 2013.
11. Өмүрбаев С. Өрттүү кечүү. - Фрунзе. 1990.
12. Полыковский М. Конец Мадаминбека. - Ташкент, 1984.
13. «Тарых жана Мурас» түрмөгү Исхак Асан уулу Полот хан (Азаттык жана мамлекеттүүлүк). - Б., 2015.
14. Туяк. - Ош., 2005.
15. Усманов А., Кокайсл П. История Кыргызстана глазами очевидцев. - 2012.
16. Урустанбеков Б.У., Чороев Т.К. Кыргыз тарыхы. Энциклопедиялык сөздүк. - Б.,1994.
17. Үркүн. - Б., 1993.
18. Раев К. Фергана өрөөнүндө же Кызыл-Кыя. - Кызыл-Кыя. 1998.
19. Чоротегин Т.К., Молдокасымов К.С. Кыргыздардын жана Кыргызстандын кыскача тарыхы. - Б., 1993.